**К обсуждению**
**С.Рысбаев п.и.д., профессор**
**2.05.2014**

# Балдарга кандай китеп керек?

Албетте, адам турмушунда китептин мааниси чоң. «Кандай гана илимдүү-билимдүү болбосун, ал баары бир китеп окуганды токтоткон күнү – анын илим жана билими токтойт» деген кеп бар. Кандай гана дүнүйөсү түгөл, байлыгы батпаган бардар адам болсо да, китепсиз руху жарды. Ошол үчүн адам баласы акыл-эстүү жашоо фазасына жеткенде «китеп» деген улуу мүлкү жаратып алган болуу керек. Андай болсо, эсибизге алалы, адам үчүн китептин рухий ролу, таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк күчү бала күндөн эле байкалат. Бала күнүнөн тарта эле ар ким кайсы гана курагына карабастан, китеп окугусу келет, бир нерсени билгиси, таанығысы келет. Тили чыга элек наристе да, тамга тааный элек чүрпө дагы китепти колуна алып, башы-аягы кылып тетири кармап алса да, китеп окуган киши болуп, божурап, улуу ага-эжелеринин кебин кайталап, кылганын туурай баштаганына таң калбай коё албайсын. Анткени ал наристе бала китептин керемет сыйкырын сезип –туюп жаткансып, ал китеп аттуу феномен эмне экенин билип жаткансып, колуна алат,ага билинбей тартылат,эмне издээрин билбесе да бир нерсени издейт, окуп берсе тыңшайт, түшүнүп-түшүнөй башын ийкейт. Ушунусу үчүн китеп керемет, китеп улуу, китеп сыйкырдуу.

Деги эле, жашоо-турмушу үчүн зарыл керек нерсени ар бир пенде зат өз кезеңинде өздөштүрүп билүүсү тийиш экен. А аны өз убагында билбей калса, качан, кайдан, кантип билет? Өз убагында албай калган рухий баалуулукту кийин табат? Дүйнөлүк турмуштук тажрыйбада да, педагогикалык тажрыйбада да, адам өз убагында ала албай калган рухий баалуулукту убагы жана курагы өтүп кеткен соң, эч качан, эч убакта ала албайт экен. Анткени мезгили өткөн соң, анын мааниси ал үчүн жоголот экен. Канчалык керек болсо да, баасыз, кунарсыз бир нерсеге айланат экен. Бирок ошол баалуулук анын бүткүл өмүрү үчүн эч качан жоголбойт, курагы үчүн гана жоголот! Ошентсе да, андай баалуулукка толбой калган көкүрөгү түбөлүккөтолбой калар, бош калар. А ал боштукту китеп гана толуктамак да, андай баалуулук китеп менен ганатолукталмак.

Ошол үчүн китеп менен рухий азык алган балалык жөнүндө жана ага кандай китеп керек? деген багытта ойлонууга туура келет.

Улуулардан келаткан мындай кеп бар: «Адам өз курагында укпай калган жакшы насаат – өмүр бою окубай калган жакшы китепке барабар» – деген. Ушундан эле көрүнүп турат, китепте бала үчүн, анын рухий дүйнөсү үчүн зарыл керектүү насаат да, үлгү да бар. Ошол насаат жана үлгү менен гана бала туура багытта өнүгүп, туура тарбия алмак.

Эзелтен ата-бабаларыбыз балага жомок айтып берип акылын өстүрүп, дүйнөнү кабыл алуусун өнүктүрүп, эске тутуусун түптөп, тилин өстүрүп, сөзүн байытып, дүйнө таанымын кеңейтип келген болсо, табышмак катып,

эске тутуусун бекемдеп, ой жүгүртүүсүн, кыял чабыттарын ар тараптуу өнүктүрүүгө аракет кылса, макал-лакаптарды айтып, адеп менен ыймандын эң жөнөкөй үлгүлөрүнө үйрөтүп келишкен. Ата-бабаларыбыздын китеби – мына ушулар болгон. Алар элдин китеби, оозеки энциклопедиясы, оозеки мектеби болгон. Шурудай тизип макал айткан, дайрадан төгүп ыр айткан, жобурата жомок, уламалап уламыш айткандар-элдин мугалими, жазуучусу жана акындары ошолор болгон. Ошолор улам кийинки муунун тарбиялап, тарыхый милдетин аркалап, элдик билимдерге сугарып, өнүктүрүп өстүрүп келген. Ушулар менен уул-кызын улутман кылып, сөз маанисин билдирип, ой жүгүртүүсүн өстүрүшкөн, табиятты таанытып, ыйманын түптөп, акылын жетилдиришкен, кыял чабыттарын кеңейтип, кебин байытышкан. Ушулар менен кыргыз баласы кыргыз болуп, эл элдүүлүгүн жоготпой, улуттун учугу уланып келген.

А бүгүнкү өнүгүп-өскөн заманда, маалымат алуунун негизги булагы болгон китептин заманында анын ролу андан бетер өстү да. «Китеп – акылга акыл кошот, китеп окуган айга колун созот» депбала кезде ырдап чоңойгондой, бүгүнкү акыл-эстин өнүккөн заманында – андай «акылдуу китептер» балдар үчүн болуп көрбөгөндөй керек. Балдарыбыз заманынын талабына жараша жаралгандай такыктууөсүүсүн ошондой «акылдуу китепсиз» элестетүүгө болбойт.

Мына ушундан улам, **к**итептин негизги бир белгиси баланын курагына туура келүүсү зарылдыгы тууралуу кесе эле айткан туура.

Ооба, албетте, китеп баланын курагына туура келүүсү керек, ансыз китепти баланын жан дүйнөсү кабыл ала албайт. Эгер баланын курагын образдуу айтсак, 1-1.5, жаш курагын эне сүтү менен азыктанган курак, 2-7 жаш курагын ата- эненин бөпөлөөсү менен «азыктанган» курак, 7-15 жаш курак китеп менен «азыктанган» курак, 16-20 жаш – элдик мыкты үлгү менен «азыктанган» курак-деп бөлүүгө болот. Мындагы, айрыкча, «китеп менен азыктанган» курагында бала китептеги ойдун гулун, насаат сөздөрдү, элдик акылды, накыл кептер аркылуу кабыл алып, жүрүм-турум адебине, мамиле адебине, сүйлөө адебине, мекенди сүйүү адебине, табиятты кастарлоо адебине, ж.б. үйрөнөт, анын адепки түшүнүктөрдү алат. Ошон үчүн, бала мектеп курагында ата-энеси айткан миң сөзүнөн көрөкчө, мугалими китептен окуп берген бир сөзү таасирдүү угулат. Мугалимэч качан жаңылбаган, акыркы акыйкатты айткан адам улуу адам катары элестейт. Андан ары «үлгү менен азыктанган» курагында бала мугалимине сын көз менен карап, турмуштук кырдаалдарга баа берип, өзүнө жакан үлгү образдарды издеп, мыкты үлгүлөргө карап өз алдынча « түздөнүп», жакан каармандары тууралуу сүйлөшүп, ошолордой болгулары келе баштайт. Ушунун өзү бала кайсы бир үлгүгө карата, кайсы бир баалуулуктарду тутунуп өсө баштаганын билдирет. Ошону үчүн балдарга тура багыт көргөзө турган тура адабияттарды өз кезегинде таап берүү, аларды окуганга багыт берүү-эң туура тарбиялык жумуш болмокчу.

Албетте, бүгүнкү кыргыздар китеп маданиятынан кыйла алыстап кетти. Бул эң өкүнүчтүү. СССР кезинде «китеп маданияты» деген күчтүү маданий

булак бар эле да. Китеп окубай жүрүү – уят иш катары эсептелчү эмес беле. Чоңбу кишиби, балабы окуган жакшы китеби тууралуу кеп кылып, карды ток, кийими бүтүн, көңүлү бир багыттуу балада китептен артык кызыгар керемет дүйнө жок эмес беле. Ал кездеги идеологиянын күчтүү куралы болуу менен, бардык баалуулуктар: тартип, тазалык адептүүлүк, улууну сыйлоо, кичүүнү ызаттоо, өлкөнүн патриоту болуу, табиятты коргоо ж.б. баары китептерде эмес беле. Балдар чоңойгон кезде кандай адам болгусу келсе – ошонун баарынын үлгүсүн да китептен издээр эле да. Мыкты каарманды таап алуу бала үчүн кандай улуу бакыт эле?!

А азыр, андай баалуулукту китептен эмес, турмуштун өзүнөн издеп, издегени менен, баалуулуктар өзгөрүп кеткен замандан ал издегендерин таппай, кыргыз баласы адашып калды. Улуулар дагы бараткан багытын өзгөртүп, бирок кандай багытка барарын так аныктай албай, алар дагы адашып турган чагы. «Идеалдуу турмушту» эртеңки күндөн эмес, бүгүн эле: мартабалуу кызматтан, байманалуу жашоодон, кабат-кабат кооз үйдөн, кымбат машиналардан, баалуу сырткы жасалгалардан издеп, жашоо баркын ошолор менен теңеп алып, умтулган баалуулуктардын да өзүн мына ушулар деп баалап-барктап алышты. Мындай «оору» – эми балдарыбызга өтүпбаратат.

1-класстын эле баласынан сурап көрүңүзчү: «Чоңойгондо ким болгуң келет, кандай адам болгуң келет?»-деп. Алар ойлонбой туруп эле «чоң кызматта иштегиси келерин, кооз машиналуу болуп, бай жашагысы келерин» айтып кирет. Эми ал «ооруну» кыргыз турмушунан биротоло алып таштоого жакынкы жылдары, а балким деги эле, болбой калгандыр?Алар эмитен улут аралык жаңжалдардан коркушат, табияттын түрдүү кокустуктарынан сестенишет, алдамчы достордон сактанышат, аз айлык алып, жакыр жашоонун эмитен алдын алуу керектиги ойлоп кабатырланышат. Ыймансыз уул-кыздуу болуудан, начар, текебер, адилетсиз жетекчиден эмитен качкылары келет. Көрдүңүзбү, алардын эмитен мындай коопонууларына ким түрткү берип жатат? Албетте, биз, улуулар.

Суроо туулат: ошол коопонуулардан балдарыбызды, алардын бактылуу балалыгын ким жана канткенде сактап кала алабыз?Андай коопонуудан балдарыбызды, биз улуулар гана сактап кала алабыз. Бирок кантип? Ал үчүн биз турмуштук баалуулуктарга болгон мамилебизди, көз карашыбызды өзгөртүүбүз керек! Биринчиден, улуттук жана адамдык нымысыбыбызды калыбына келтиришибиз керек, ыйманыбызга камчы чапай, дүнүйөгө болгон алкыбызды тарта билишибиз керек, нарк-насилибизди ордуна келтирип, жоготкон адеп-абийирибизди табуубуз керек, байлыкка, бийликке болгон мамилебизди өзгөртүп, текеберчилигибизди таштообуз керек, колубузда болгонуна канааттапып, топуктуу жашоону ойлонушубуз керек. Сүткорлук менен жемкордукту токтотуубуз керек, балдарыбызга туура жүрүп, туура сүйлөп, туура мамиле жасап, карапайым жашоонун, жөнөкөй болуунун, намыстуу болуунун, адал мээнет, ак эмгек менен жашоонун үлгүсүн көрсөтүшүбүз керек! Ал үлгүлөрдү күндөлүк

жүрүм-турүмү менен да, ошондой мазмундагы китептерди жазып берүү менен да, аларды жеткиликтүү сандап чыгарып берүү менен да көрсөтүп берүүбүз керек! Балдарыбыз бизден ошону көргөндө гана, ошондой китептерди окуганда гана, ошого үйрөнгөндө гана  тынч жана татыктуу жашоого үйрөнөт.

Андай болсо, балдар үчүн кандай мазмундагы китептер керек? Атап айтканда, алар: балдардын курагына жана түшүнүгүнө жараша болушу, тилине ой жүгүртүү деңгээли менен жана  психологиясына туура келиши, чөйрөнү таанытуучу,  кызыгуусун түптөөчү, турмуштук ишенимин бекемдөөчү, сөздүк  корун көбөйтүп, ага тилин жатыктыруучу,  кебин өстүрүүчү, сүйлөө маданиятын түптөөчү, өзүн-өзү өнүктүрүүчү, жан дүйнөсүн ар тараптуу байытуучу, баланын балалык дүйнөсүн бактылуу кылар,ал дүйнөнү ачып берген, ар тараптууөнүгүү жолун таап берүүчү, билимдүү, акылдуу кылып, дүйнө таанымын, турмушка болгон көз карашын бекемдөөчү, интеллектин калыптандыруучу, фантазиясын байытуучу, инсан катары өзүн-өзү бекемдөөчү, анан да баарыдан мурда, бүгүнкү кыргыз баласынын үлгү образын камтыган, кыргыз баласынын улуттук аң-сезимин калыптандыруучу, аныйжада кыргыз уул-кызын кыргыз кылуучу  китептер керек. Китептерибиз ошондой болгондо гана алардын  педагогикалык баалуулугу да, окурмандык маданиятынөстүрүүчү да жагы жогору болмок.

СССР убагында коммунисттик идеологияга жараша жакшы баланын үлгүлүү образы эң сонун түзүлгөн эмес беле. Үлгүлүү бала кандай эле: жаштайынан саясий жактан кыраакы, адептүү, чынчыл, калп айтпаган, коомдук ишке активдүү катышкан, пионер же комсомолец болор эле да.

А бүгүнкү эгемен өлкөбүздүн кыргыз баласынын үлгүлүү образы кандай болмок?  Бүгүнкү эгемен кыргыз баласы-улутун сүйгөн, эне тили менен ата салтын сыйлаган, Ата мекенинин  баалуулуктарын коргоочу,  анан да, өз алдынча ойлоно билген, интеллекти бай, билими,  кызыгуусу ар тараптуу, эли-жеринин патриоту жана жалпы адамзаттык инсандык мыкты сапаттардан куру калбаган уул-кыздын үлгү образы болору талашсыз.  Бирок бүгүнкү күндө мындай үлгү образдар улуттук  адабиятыбызда жаралып калды деп айтуу али эрте.

Биздин улуттук адабиятыбыздагы «эң оорулуу чекит» - дал ушул маселе, оор маселе. Ошентсе да, ал маселе  чечилүүсү керек, ал «оорулуу чекит» айыгышы керек.

Бир маселе  тууралуу айтпай кетүү жарабас. Ал бүгүнкү күндөгү адабий жомок жанры.Улуу жомокчу Г.Андерсен: «Жомок адам буту жетпеген, ак карлуу түнт токтолордо жашайт» деп образдуу айткан экен. Ошентсе да, биз бийик-бийик үйлүү, автобуз-троллейбуз жүргөн бүгүнкү кыргыз шартында жашап-иштеп жүрүп балдар үчүн жомок жазып жатабыз. Көрсө,  жомок, менин оюмча, биздин турмушубузда, биздин арабызда эле, биздин кыялыбызда эле, күн сайын биз менен аралашып эле жашар жүрөт. Анны туйганыбыз туябыз, туйбаганыбыз туйбайбыз. Биздин турмушубуздун өзү эле-жомок, керек болсо-өзүбүз да жомокпуз. Сөзүбүз-жомок, бири-бирибизге

жасаган мамилебиз, көз карашыбыз –жомок, ойлорубуз –жомок, кечээкибиз гана эмес, эртеңкибиз дагы бүгүнкү биз үчүн–жомок.

Мен бул оюмду «Шамбала», «Адамдын пейили» же «Алтын баш», «Култемир» аттуу жомокторум менен эле түшүндүргүм келет. «Шамбала» аттуу жомогумда бүгүнкү эле үч кабаттуу үйү бар, байлыгына чиренген кыргыз бай жепирейген үйү бар бечераны теңине албай, текеберлик кылып, өзүнүн ырысын кичинекей шам менен кошо кетирип алса, «Адамдын пейили» аттуу жомогумда адам колунда байлыгы жок кезинде бечеранын кейпин кийип, колуна бирдеме тийип калса, текебердик кылып каларын айткым келген. «Алтын баш» аттуу жомогумда атанын акылын көзү барда укпаган балага – атанын көзү өткөндө анын акылы гана эмес, анын тирүү элеси, бир ооз кебин-алтынга айланарын айткым келген. Ал эми «Култемир» деген адамдын жан дүйнөсү менен иши жок-роботтун өзү. Мын ушул жомокторумдун баарын, жанараак жогоруда кеп кылган: баланын курагына ылайык, ой жүгүртүүсүн, сөзүн, кыял чабыттарын ж.б. өстүрсөк, алар үчүн үлгү образ болсо-деген тилек менен жаздым десем болот.